КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КЕҢ-КОЛ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕҢ-КОЛСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

«20» февраль 2024-жыл Көк-Ой айылы

Бириккен Кең-Кол айылдык кенешинин
1- сессиясынын №3 токтому

**«Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемеси айыл өкмөтүн түзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы №370 «Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүгүзүү жөнүндө» Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 30-мартындагы №177 "Айыл аймактарынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүлүп жаткан Кыргыз Республикасынын региондорундагы айыл өкмөттөрүнүн ишин уюштуруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын штаттык саны жөнүндө" токтомун, 2024-жылдын 7-февралындагы №52 "Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө" токтомун, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө" Жобону жетекчиликке алып, Кең-Кол айылдык кенеши ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Талас облусунун, Талас районунун, Көк-Ой айылдык аймагынын **«Көк-Ой айыл өкмөтү»** мекемеси, Талас облусунун, Талас районунун, Долоно айылдык аймагынын **«Долоно айыл өкмөтү»** мекемеси жана Талас облусунун, Талас районунун, Нуржанов айылдык аймагынын, **«Нуржанов айыл өкмөтү»** мекемелери бириктирүү жолу менен **«Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемеси** болуп кайра түзүлсүн.

**Юридикалык жактын толук фирмалык аталышы:**

- **Мамлекеттик тилде**: «Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемеси.
- **Расмий тилде**: Учреждение "Айыл окмот Кең-Колского айылного аймака"

**Кыскартылган фирмалык аталышы:**

- Мамлекеттик тилде: «Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» м-и.

- Расмий тилде: У-е "Айыл окмот Кең-Колского айылного аймака".

2. Талас облусунун, Талас районунун, Көк-Ой айылдык аймагынын **«Көк-Ой айыл өкмөтү»** мекемесинин, Талас облусунун, Талас районунун, Долоно айылдык аймагынын **«Долоно айыл өкмөтү»** мекемесинин жана Талас облусунун, Талас районунун, Нуржанов айылдык аймагынын, **«Нуржанов айыл өкмөтү»** мекемелеринин биригүү жолу менен жаңыдан түзүлгөн «Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемесине өткөрүп берүү актысы бекитилсин (тиркеме тиркелет).

3. Бириккен айыл аймактарынын **"Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү"** мекемеси анын курамына кирген Талас облусунун, Талас районунун, Көк-Ой айылдык аймагынын **«Көк-Ой айыл өкмөтү»** мекемеси, Талас облусунун, Талас районунун, Долоно айылдык аймагынын **«Долоно айыл өкмөтү»** мекемеси жана Талас облусунун, Талас районунун, Нуржанов айылдык аймагынын, **«Нуржанов айыл өкмөтү»** мекемелеринин укук улантуучусу болуп саналсын.

4. «Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемеси юридикалык жактын статусуна ээ жана алар уюшулган күндөн тартып түзүлдү деп эсептелсин.

5. «Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемесинин Жобосу бекитилсин.

6. «Кең-Кол айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемесинин юридикалык дареги болуп, Кыргыз Республикасы, Талас облусу, Талас району, Көк-Ой айылы, Манас көчөсү, №102 болуп аныкталсын.

7. Мекеме Кыргыз Республикасынын иштөөдөгү мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

Токтомдо көрсөтүлгөн маалыматтардын, ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердеги маалыматтардын аныктыгы ырасталат.

**Кең-Кол айыл аймагынын**
**айылдык кеңешинин төрагасы** **Джусупбеков К.М.**